Ыймандуу эркек ыймандуу аялды таштабайт. Анын кайсы бир мүнөзүн жактырбаса, башка бир мүнөзүнө ыраазы болот

Абу Хурайранын (ага Аллах ыраазы болсун) риваят кылган хадисте, Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан: "Ыймандуу эркек ыймандуу аялды таштабайт. Анын кайсы бир мүнөзүн жактырбаса, башка бир мүнөзүнө ыраазы болот" же: "...башка бир мүнөзүнө" деп айткан.
[Сахих (ишенимдүү)] [Муслим жазып калтырган]

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) эркек кишини аялына зулум кылууга, аны таштоого же андан жүз буруп кетүүгө алып бара турган жек көрүүдөн тыйган. Анткени адам баласы кемчиликтен аруу эмес, эгер аялынан бир жаман мүнөз көрсө, анын башка жакшы мүнөзүн да көрөт. Ошол өзүнө жаккан жакшы мүнөзүнө таянып ага ыраазы болот. Өзүнө жакпаган мүнөзүнө сабыр кылат. Сабыр кылып, акыры ажырашууга алып бара турган жек көрүүнү ташташы керек.

http://sunnah.global/hadeeth/ky/show/3071